**БЕКИТЕМИН**

Эл аралык Кувейт университетинин ректору, пед.и.д., доцент
А.Э. Байсеркеев

_________________________
*колу*

«_20_» _Сентябрь_________2024-ж.

М.п.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын жайылтылышы боюнча түзүлгөн**

**АКТ**

1. **Илимий ишти жайылтуучунун аты-жөнү:** Ибраев Алмазбек Дүйшөкович.

2. **Илимий иштин аталышы:** «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аталыштагы диссертация.

3. **Кыскача аннотация:** Диссертацияда дистанттык билим берүүнүн Кыргызстандагы жана чет элдеги изилдениш абалы иликтөөгө алынып, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндө дистанттык билим берүүнүн абалы жана проблемалары терең изилденген. Анын негизинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө дистанттык билим берүүнү уюштуруунун концепцисы иштелип чыгып, анын методологиялык, теориялык негиздерин аныкталган. Бул багытта дистанттык билим берүүнүн проблемасы изилдөөнүн методдору такталып чыккан. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыгып, ар бир компонентине өзүнчө иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары дүйнөлүк илимий жетишкендиктерди эске алуу менен аныкталган. Дистанттык билим берүүдө колдонулуучу программдык жабдылыштар анализденип, Moodle жана AVN платформаларынын арасында салыштыруу жүргүзүлгөн, алардын артыкчылыктары жана кемчиликтери аныкталган. Дистанттык билим берүүнү практикалык ишке ашырууга арналган методикалык системанын эффективдүүлүгү эксперименталдык түрдө иликтенген.

4. Изилдөөдөн алынган натыйжаларды дистанттык билим берүүнү ишке ашырууда, аралыктан окутуунун сапатын арттырууда жана мугалимдердин жаңы – маалыматтык технологияларда иштөө практикасын жакшыртууда, илимий изилдөөлөрдө, санариптик трансформациялашуу процесстеринде колдонууга болот. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктарды аралыктан билим берүү процессин жакшыртууда жана окуу процессинде санариптик технологияларды колдонуу практикасында кеңири колдонууга болот. Жаңы маалыматтык технологиялардын прикладдык аспектилери боюнча белгиленген сунуштарды мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча прктикалык иштерде колдонуу жакшы жыйынтыктарды берет.

5. **Илимий ишти жайылтуу жери жана убактысы:** 2021, 2022, 2023, 2024-окуу жылдарында Бишкек шаарындагы Эл аралык Кувейт университетинде жүргүзүлдү.

6. **Илимий ишти жайылтуу формасы:** офлайн жана онлайн окуулар, тренинг-семинарлар аркылуу ишке ашырылды.

ГжТД факультетинин деканы Исмаилов А.К ____________________

Изденүүчү: Ибраев А.Д. ____________________